
***Ош шаардык мэриясынын 15-февралдан 15-майга чейинки көрктөндүрүүнүн үч айлыгы жөнүндөгү чечимин "Улуу Жибек Жолу" музейинин кызматкерлери кызуу колдошууда. Тоолор жылындагы ниет-максаттарын айтып берүүсүн өтүнүп, музейдин башкы директору Кубанычбек Жолдошовду кепке тарткан быз:***

-Ош ыйык жер. Атайылап кол менен жасап койгондой болуп, Сулайман тоо шаардын так ортосунан орун алган. Өзүнчө керемет күчкө ээгедер болгон үчүн да, табигый таш айкелди эл сыйынып зыярат эткен кичи Мекке деп жүрүшөт. Чындыгында эле ажылык парзын аткаргысы келген мусулмандар Мекке Мединага же кичи Меккеге сапар алышат. Ушул курман айттын ыйык күндөрүндө да Сулайман тактан убап-чубап адам үзүлгөн жок. Ош – келечекте облус жетекчиси Накен Касиев белгилегендей, туризмди өнүктүрүүнүн алдыңкы борбору болуп калыш керек. Ал эми ошол деңгээлди жаратыш үчүн бизде толук

# СУЛАЙМАН ТОО – ТАБИГЫЙ АЙКЕЛ

мүмкүнчүлүктөр бар. Болгону, ал бизден аракет менен чымырканган эмгекти талап кылат. Ошон үчүн быйылкы тоо жылында бардык күч аракетибизди жумшап, ыйык жайды иретке келтирип алууну максат кылып отурабыз. Буга чейин да тоонун тегерегинде көп жакшы иштер бүткөрүлүп келген, алдыда дагы аткара турган иштер арбын. Негизги максат, табигат тартуулаган бул айкелди өзүндөй сактап, келечекте жашыл бакка айландырып аздектөө. Бул күндө аткарыла турган иштердин долбоорлору түзүлүп жатат. Негизинен бак тигип, ага үзгүлтүксүз суу жеткирүү башкы маселе. Тоонун тегерегиндеги сыйына турган жайлар, Бабурдун өжүрөсүн жакшыртып, түнкүсүн жарытуу, ошондой эле Сулайман тоодо хан ордону түптөө пландарыбыз да бар. Тоону өзү, өзүнчө эле бир бүтүн тарыхый-маданий комплекс. Анын этегинен орун алган ар кыл мезгилди



камтыган археологиялык эстеликтер сөзсүз кызыгууну жаратат. Ал эми тоонун күнгө бет жагы – мусулмандардын мүрзөсү. Аларды далдоолоп, жол ката декоративдүү дарактарды отургузуу жөнүндөгү ойлор бар. Жалпысынан улуулукту, сулуулукту, ыйыктыкты өзүнө сыйдырган Сулайман тоону үстүбүздөгү тоолор жылында өзүбүздү, туристтерди кызыктырган кооз жайга айландырып алсак, ал биздин утугубуз. Алдыда тоонун айланасындагы иштерди жандандыруу милдети турат. Жабыла киришсек, ал опол тоодой үйүлгөн иштер бүтө турган нерсе. Башкысы, ыйык жайды кастарлап гүлдөтүп алсак, чоң сооп иш жасаган болор элек. Тоонун тегерегин иреттеп, тазалоо иштерин баштап жатып, Сулайман пайгамбар өзү колдоп, оомат берсин деп турабыз.

*А.МАТИЕВА*